

Таберик тыйындар аукциону

# БААЛУУ МОНЕТАЛАР БАШТАПКЫ БААЛАРЫНАН АШТЫ



***Өткөн жумада Г.Айтиев атындагы улуттук көркөм сүрөт музейинде Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы улуттук валютанын киргизилген күнүнө карата, ошондой эле коллекционерлер менен нумизматтардын суроо-талаптарын канааттандыруу максатында алтын жана күмүш монеталарын сатуу боюнча 17 лоттон турган аукцион өткөрдү.***

Бүгүнкү күнү Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы чыгарган коллекциялык монеталар өзгөчөлөнгөн тарыхый мааниге гана эмес, финансылык жактан кирешелүү каражат болууда. Тажрыйба көрсөткөндөй, Кыргызстандагы коллекциялык монеталардын нускасынын чектелип ( күмүш монеталар 1 миң даанадан 3 миң даанага чейин, ал эми алтын монеталар 1 даанада) чыгышы, анын баалуулугун арттырып, эксклюзивдүү экенин көрсөтүп турат. Ошондуктан, жогорку өтүмдүүлүккө ээ.

Келечекте баалуу металлдарга карата баанын көтөрүлүшү менен Кыргызстандагы коллекциялык монеталардын мааниси дагы жогорулап, байлык топтоочу каражат катары баалуу металлдардан жасалган коллекциялык монеталар жакшы инвестиция болмокчу.

Эл аралык нумизматикалык рынокто КМШ мамлекеттери арасында Кыргызстанда сатылып бүткөн монеталар эң жогорку позицияны ээлеп, чоң суроо талапка ээ. Ошондуктан, коллекционерлер жана эксклюзивдүү кооз, баалуу буюмду баалагандар үчүн Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы өздүк коллекцияны сейрек кездешкен, 1995-жылдан 2007-жылга чейин Улуттук банк чыгарган алтын жана күмүш монеталарын сатып алуу мүмкүнчүлүгүн сунуштады.

Аукционго жеке адамдар жана юридикалык жактар катышышты. Сатып алуучуларга ыңгайлуу шарт түзүү максатында, нак акча менен ошол жерде эсептешүүлөрдү жүргүзүү сунушталды. Аукционго күрөөсүз катышуу мүмкүнчүлүгү да каралган болчу.

Аукционго 30дан ашык коллекционер, нумизмат катышып, сатыкка коюлган бардык эстелик монеталар баштапкы баасынан 1,5-2 эсе кымбат сатылды. Алгач, 17 лоттон турган коллекциялык монеталардын ичинен алтындан жасалган "Ош-3000" монетасы 20000 (баштапкы баасы) менен сатыкка чыгарылса, ал 34100 сомго сатылып кетти. Албетте, ушул "Ош-3000" монетасы үчүн атаандаштык күчтүү болду. Бул монетага ээ болгон 12 номердеги коллекционер мындан башка дагы баалуу монеталарды өз баасынан жогору сатып алууга жетишти. Ал "Улуу Жеңишке 60 жыл" күмүш монетасын 13200 сомго сатып алды.

Аукциондо андан кийинки кымбат баада "Аркар" жана "Улуттук валютага 10 жыл" күмүш монетасы 29 номерлүү коллекционер тарабынан 31400 (ал баштапкы баасы7500 сомго коюлган) сомго сатылып алынды. "Өзгөн архитектуралык комплекси", "Ак маңдай гүл" жана "Манас эпосуна 1000 жыл" күмүш монеталары бир лотто сатылып, ал баштапкы баасы 11000 сомдон 26 000 сомго көтөрүлүп сатылды. Коллекционерлер арасында сатыкка коюлган бардык лоттор кызыгууну жаратып, баштапкы баалардан бир нече эсе жогору сатылды. Аукциондун баштапкы баасынын жалпы суммасы 107 миң сом болсо, жыйынтыгында 17 лоттун баасы 301 миң 600 сомго жеткен. Бул жыл сайын Улуттук банк чыгарган коллекциялык монеталардын нумизматтар арасында аброю уламдан-улам жогорулап жатканынан кабар берет.

**Абдимухтар АБИЛОВ**